## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТУУСУ



## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ



## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

*Сөзү: Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики*
*Музыкасы: Н. Давлесов, К. Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:*
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

*Кайырма:*

З. Ж. МАМБЕТОВА,  Т. В. АРХИПОВА

# МЕКЕН ТААНУУ



Жалпы билим берүүчү мектептин
1-классы үчүн окуу китеби

Экинчи басылышы

*Кыргыз Республикасынын*
*Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен*

КУТААЛАМ

БИШКЕК — 2016

УДК 373.167.1
ББК 26.89 я721
М 22

1-басылышы 2011-жылы чыккан.

**Мамбетова З. Ж., Архипова Т. В.**
М 22 **Мекен таануу:** Жалпы билим берүүчү орто мектептин 1-классы үчүн окуу китеби. 2-бас. – Б.: «Кутаалам», 2016. — 64 б., сүрөт.

ISBN 978-9967-31-537-2

## ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР:

**Жуптарда, топтордо талкуулагыла.**

**Ойлон, түшүндүр.**

**Сүрөт тарт, сүйлөм түз.**

**Айтып бер, атап бер,**

**аңгеме түз, салыштыр.**

**Мугалим окуп берет,**

**өзүң оку.**

**М 4306020900-16**


**УДК 373.167.1**
**ББК 26.89 я721**

ISBN 978-9967-31-537-2

© Мамбетова З. Ж., Архипова Т. В., 2016.
© «Кутаалам», 2016.
© КР ББжИМ, 2016.


# БИЗ ЖАШАГАН ЖЕР

**Сүрөттү карап аңгемелешкиле. Силер жашаган жер кандай? Өз айылыңар (шаарыңар) тууралуу сонун сөздөрдү таап, бири-бириңерге айтып бергиле.**



**Мекеним –ыйык. Мен өз Мекениме сыймыктанам.**

# МЕКТЕБИМ




**Мектептен эмнелерди көрдүңөр? Мектептен сага эмне жакты? Мектептен эмнени үйрөнөсүң? Эмне үчүн билим алуу керек?**

Биздин мектеп таза жана кооз. Мектептин айланасында бак-дарактар көп.

Мектептен окуганды, жазганды үйрөнөм. Китеп окуп, көптү билгим келет.

**? Мектеп окуучусу кандай болушу керек?**



**Сүрөттү карап, талкуулагыла. Эмне туура, эмне туура эмес?**

## Окуучунун милдети



Мектептеги сабакты,
Окубаса кимде-ким.
Билбегени ошол ал,
Окуучунун милдетин.

Ата-эненин насаатын,
Укпай жүрсө кимде-ким,
Сезбегени ошол ал,
Балалыктын милдетин.

*А. Карымшаков*

**Ар бир окуучу жакшы окуп, мектепте жүрүүнүн эрежесин билиши зарыл.**

# БИЗДИН ҮЙ-БҮЛӨ ЫНТЫМАКТУУ



Бул – биздин үй-бүлө. Менин атам, апам, чоң атам, чоң энем, байкем, эжем, бөбөктөрүм бар. Биз ынтымактуубуз.



Ортоңордо эркелеп,
Жетилейин, өсөйүн.
Айым-күнүм ата-энем,
Кадырыңа жетейин.
Оо апакем, атакем,
Айым-күнүм ата-энем.

*Ш. Эсенгулов*

**Үй-бүлөң жөнүндө айтып бер.**

**Атаң, апаң, бир туугандарың – сенин эң жакын адамдарың. Аларды урматта жана сыйла.**


## Үйдө ким, эмне жасайт?



Эртең менен ойгоном,
Апам ишке кетерде.
Идиш-аяк жууймун,
Тургум келбейт бекерге.

*И. Мансуров*









**Үйдө ким, эмне жасарын айтып бер.**

**Атаң, апаң кайда иштейт?**

**Алар эмне үчүн күн сайын жумушка барышат?**

**Ата-энеңе арнап сонун сөздөрдү ойлоп тапчы.**

**Ар дайым ата-энеңе жардам бер!**

# МЕН – БАЙКАГЫЧМЫН

Айлана-чөйрөбүздө түрдүү буюмдар бар. Алардын түсү, түзүлүшү, чоңдугу ар кандай.



**Сүрөттөгү буюмдарды кара. Аларды түсүнө жараша топторго бөлүштүр. Сары жана көк буюмдарды ата. Дагы кандай түстөгү буюмдарды көрдүң? Буюмдарды формасына жарашына топторго бөлүштүр.**

**Буюмдарды дагы кандай топторго бөлсө болот?**

**Өсүмдүктөрдү салыштыр. Алардын эмнеси окшош? Алардын айырмасын кандай?**



Кактус



Герань



Фиалка




Алоэ

☺ **Дарактарды салыштыр.**
**Алардын окшоштугун байкадыңбы?**
**Айрымасы кандай?**



☺ **Канаттууларды салыштырып көрчү.**
**Алардын кандай окшоштугу бар?**
**Айрымасы кандай?**



**Үй жаныбарларынын окшоштугун жана айырмачылыгын байкадыңбы?**



**Төмөндөгү сүрөттө эмне ашыкча? Түшүндүрүп бер.**





☺ **Сүрөттөгү өзгөчөлүктөрдү тап.**






? **Суу тоңсо эмне болот?**

**Муз эригенде эмне болот?**

# МЕНИН ДЕНЕ ТҮЗҮЛҮШҮМ




☺ **Дене мүчөлөрүңдү ата жана көрсөт.**

Баш, көкүрөк, арка, далы, бел, кол, бут, курсак.

**Денеңдин оң жагын жана сол жагын көрсөт.**

**Манжаларыңды ата жана көрсөтүп бер.**

☺



Бармак

Сөөмөй

Ортон

Аты жок

Чыпалак

📖 Биз айлана-чөйрөбүздү көрөбүз, үндөрдү угабыз, жытты сезебиз. Тамактын даамын билебиз. Ысык, суук, катуу, жумшакты тери аркылуу баамдайбыз.

☺ **Табышмакты тап.**

Кыдырата таш койдум,
Кызыл өгүз бош койдум. (т..)

Эки жерде от жанат,
Ортосунда тоо турат. (к..)



☺ **Сүрөттү кара. Толуктап айт.**

Кыз . . . жыттады.
Бала . . . көрдү.
Мен . . . даамын билдим.
Кыз . . . укту.

**Көз, кулак, мурун бизге айлана-чөйрөнү таанып билүүгө жардам берет.**

# ДЕН СООЛУККА КАМ КӨРӨЛҮ









☺ **Сүрөттү карап жомок ойлоп тап.**
Бөжөк эмне үчүн ооруп калды?
Бөжөккө кандай кеңеш бересиң?



☺ **Термометр кандай колдонуларын айтып бер.**

# Ден соолугуңа кандай кам көрөсүң?



☺ **Тиш щетка, тиш паста, самын, сүлгү – тазалыкты сактоого керектүү буюмдар. Алар кандай колдонуларын айтып бер.**

**Эмне үчүн тишти жана колду ар дайым жууш керек? Эмне үчүн жашылча-жемиш-терди жууп жеш керек?**

## Пайдалуу кеңеш

Таза абада ойно. Тазалыкты сакта. Тишиңди күн сайын жуу. Тырмагыңды өстүрбө. Жашылча-жемиштерди жууп же. Аба ырайына жараша ылуу кийин. Денеңди чыңда.



**Биринчи байлык — ден соолук!**

2– 17/09-8

# МЕНИН КҮН ТАРТИБИМ

Бачики күндө сабакка кечигип келет. Бир күнү дептерин, дагы бир күнү китебин үйүнө унутуп калат.

Мунун себебин билгиси келген Илбирс ага: «Эмнеге сабакка кечиктиң?» – деп суроо берди.

– Мен ...



**Бачики эмне деди? Анын жообун айтып бер.**

**Эмне үчүн окуучулар сабакка кечигишет?**

Мен эч качан кечикпейм, – деди Илбирс.

– Кантип кечикпейсиң, айтчы, – деп өтүндү Бачики.

– Мен эртең менен эрте турам. Жуунуп, кийинип, тамактанып алып, мектебиме кечикпей келем.

Сабактан кийин …………


Илбирстин сөзүн улантып айткылачы.



**Эртең менен эмне кыласың?**
**Сабактан кийинчи?**

**Дептериңе өзүңдүн күн тартибиңди түз.**


**Убакытты туура пайдаланууга үйрөн!**





☺ **Жашаган жериң тууралуу айтып бер.**
**Мектебиң тууралуу айтып бер**


? **Окуучу кандай болушу керек?**

☺ **Ата-энеңе кандай жардам бересиң?**
**Өз ден соолугуңа кандай кам көрөсүң?**
? **Күн тартибин сактоонун кандай зарылдыгы бар?**



# БИЗДИН ҮЙ





**Сүрөттү карап, үйлөрдү салыштыр.**
**Үйлөрдүн окшоштугун байкадыңбы?**

Биз жакта элдер ар кандай кооз үйлөрдү курушат. Шаарда көп кабаттуу заңгыраган бийик үйлөр көп. Ал эми айылдагы үйлөр анчалык чоң эмес. Үйдүн ичинде буюмдун түрү көп. Алардын аталышын билесиңби?



**Үй тууралуу аңгемелешкиле.**
**Үйдө кандай буюмдар бар?**

**Өз үйүңдүн сүрөтүн тарт.**

# ҮЙДӨГҮ ШАЙМАНДАР

Үйдө түрдүү шаймандар бар. Аларды биз үйдү жана короо-жайды тазалаганда пайдаланабыз.





**Сүрөттү карап айтып бер. Ким эмне жасап жатат?**
**Шаймандарды ата. Үйүңөрдө кайсы шайманды пайдаланасыңар?**

**Толуктап айтып берчи.**
Үй тазалоодо … колдонулат.
Короону тазалоодо ... колдонулат.
Мал багууда ... колдонулат.
Бак-дарактарды өстүрүү үчүн … колдонулат.

**Короо-жайды, үйдү тазалоодо ата-энеңе кандай жардам бересиң?**

# ЭЛЕКТР БУЮМДАРЫ

Ар үйлөрдө от күйөт,
Чогу жок, бар жалыны.
Өзү ичке болсо да,
Тышка тиет жарыгы.

(л . . . . . . а)

**Электр буюмдарын ата.**

**Сүрөттөн электр буюмдарын таап көрсөт.**



Үйдө ар түрдүү электр буюмдары бар. Электр тогу үйүбүзгө жарык жана жылуулук берет.

**Электр тогунун жардамында дагы кандай жумуштар аткарылат? Айтып бер.**



☺ **Сүрөт боюнча аңгеме түз.**

**Электр буюмдарын кантип этияттап пайдалануу керек?**

## Электр тогун үнөмдөйбүз!



**Эмне үчүн электр тогун үнөмдөө керек, түшүндүрүп бер.**

### Эсиңе тут!



Үйдөн чыгарда үтүк, телевизор жана башка электр буюмдарын өчүрүүнү унутпа, өрт чыгышы мүмкүн.

Электр буюмдарын абайлап өчүрүп жана күйгүз. Эч качан суу колуң менен кармаба, ток урат.

**Электр тогун этияттап колдонобуз!**

# ЭТИЯТ БОЛ, ӨМҮРҮҢДҮ САКТА!

📖 Айлана-чөйрөбүздө ар кандай коркунучтуу нерселер кездешет. Ошондуктан ар дайым этият болуу зарыл.

## Курч буюмдар



**Үйдөгү курч буюмдарды ата. Аларды кантип пайдалануу керек, айтып бер. Эстеп көрчү, байкабай колуңду кесип алган жок белең?**

## Эсиңе тут!



Бычак менен ойнобой жүр, колуңду кесип аласың. Ийнени басып алба, байка. Кайчы, бычакты ар кайсы жерге таштабай, ордуна кой.



## Абайла, ысык!

Ысык сууну байкабай төгүп алган учуруң болду беле?

Чайнектен чай куйганда этият бол.

Байка, кайнак сууга денеңди күйгүзүп алба!

## Уу заттар

📖 Үйдө ар кандай идиштерде суюктуктар, дарылар бар.

Алардын эмнеге колдонуларын сен азырынча билбейсиң.

Эч качан өзүң билбеген нерселерди, дарыларды оозуңа салба жана жыттап көрбө.

Ууланып калышың мүмкүн.

☺ **Уулуу заттарды ата.**



## Чоочун итке жолобо!

Ит бизге көп жардам берет. Бирок, эч качан чоочун итке жакын жолобо, ал сени каап алышы мүмкүн.



**Чоочун иттен кантип сак болуу керек?**

## Эсиңе тут!

Эгер ит каап алса, дароо ата-энеңе айт. Мындай учурда тезинен доктурга баруу керек.



## Өрттөн сак бол!

Бир күнү Бачики эч кимге көрсөтпөй от жакты.

Бир маалда өрт чыгып кетти.

Ал «жардамга», – деп кыйкыра баштады.

Достору келип өрт өчүргүчтөрдү чакырышты.

Баары чогулуп, өрттү өчүрүштү да, «мындан кийин от менен ойнобой жүргүн», – деп ага акыл айтышты.





**Өрттөн кантип этият болуу керек?**



**Эсиңе тут!**

Ширеңке – оюнчук эмес!
От менен ойнобо!


## Жер титирөө

Катуу жер титирегенде үйлөр кыйрашы мүмкүн. Мындай учурда ыңгайлуу жерге, калкалануга аракеттенүү керек.

**Жер титирегенде кантип сактануу керек?**

**Этият бол, өмүрүңдү сакта!**

# МЕКТЕПКЕ БАРУУЧУ ЖОЛ




**Бакыт менен Алинанын үйдөн мектепке чейинки жолун көрсөт.**
**Жолдо эмнеден сак болуу керек?**


## Светофор

Машиналар көп өткөн,
Чоң жол болот көчөбүз.
Светофор жапжашыл,
Күйгөн кезде өтөбүз.



Сарысы күйсө камданып,
Кызылы жанса токтойбуз.
Туура эмес өтүп көчөдөн,
Машина жолун тоспойбуз.

*К. Жунушев*



**Ырды жатта.**

**Жолдон өтөрдө светофор бизге кандай жардам берет?**



**Светофордун жашыл жарыгы күйгөндө гана жолдон өт!**

# ТАЗАЛЫК ЖАНА ТЫКАНДЫК




☺ **Сүрөт боюнча жомок түз.**

**Эмне үчүн тазалыкты сактоо керек?**



**Сүрөттү карап айтып бер. Тазалыкты сактоо үчүн эмне кылабыз?**
**Класстын тазалыгын текшерүү үчүн тизме түзгүлө.**

**Класстагы абанын температурасын өлчөп, дептериңе жаз.**





## Тазалык

Кезектешип класстын,
Тазалыгын сактайбыз.
Гүл жыттанат киргенде,
Бир да кагаз чачпайбыз.
Класс турса тазарып,
Көңүл ачат тазалык.


*А. Карымшаков*

**Ар дайым тазалыкты сактайлы!**

3– 17/09-8




**Айтып бер. Үйлөр кандай болот?**
**Үйдө эмнелер бар?**
**Үйдө кандай жумуштарды аткарасың?**



**Үйдөгү буюмдарды колдонууда кантип этият болуу керек? Тазалык менен тыкандыктын кандай зарылдыгы бар?**

# МЕНИН ДОСТОРУМ

Кыргызстанда ар улуттагы элдер жашайт. Алар ынтымактуу, бири-бирине жардам беришет. Ар бир элдин өзүнчө салты бар. Биз аларды урматтайбыз.

**Сен кайсы элдин тилин билесиң?**
**Кайсы тилде ырдай аласың?**



Менин орус, корей, дунган, татар, тажик, уйгур, казак, өзбек досторум бар.

Биз чогуу ойнойбуз.



**Кайсы улуттан кошунаң бар?**
**Кайсы улуттан досуң бар?**

**Досуң тууралуу аңгеме түз.**

Балдары Кыргызстандын,
Тынчтыкта кол кармашып,
Бири-бирине жардамдашып,
Бир туугандай жашасын!

# БИЗ ОЙНОГОН ОЮНДАР









Сүрөттү карап айтып бер.
Балдар, кыздар кайсы оюндарды ойноп жатышат?

Дагы кандай оюндарды билесиң?

**Досторуңду сыйлай бил.**
**Аларга сылык мамиле жаса!**

# ЖҮРҮМ-ТУРУМ ЭРЕЖЕЛЕРИ

Ата-энеси Мамалакка жүрүм-турум эрежелерин үйрөтүштү:



– улууларга ар дайым салам айтуу керек;

– бирөөлөрдү түртүп же жөөлөп кетпе;

– байкабай бирөөнүн бутун басып алба;



– көпчүлүктүн арасында оозуңду ачып эстебе;

– сылык бол, ата-энеңдин тилин ал;



– улууларды сыйлай бил, аларды төргө өткөр;

– калп айтпа, мактанба.





**Сүрөттү карап аңгемелешкиле. Эмне үчүн жүрүм-турум эрежелерин сактоо зарыл.**

📖 Күндөрдүн биринде Бөжөк Мамалакка жолугуп калды. Мамалак ээн талаада ыйлап отуруптур.

– Эмне болду, эмне ыйлап жатасың? – деп сурады Бөжөк.

– Мени эч ким жакшы көрбөйт, эч ким мени менен достошпойт, – деп өңгүрөдү Мамалак.

Ыйлаба, Мамалак. Мен сага сыйкырдуу сөздөрдү үйрөтөйүн.

Сен ал сөздөрдү айтсаң эле, досуң көбөйөт, – деди Бөжөк.





**Бөжөк кайсы сөздөрдү айтты?**
**Ал эмне үчүн бул сөздөрдү «сыйкырдуу», — деп атады?**

**Кайсы учурда кечирим сурайсың?**
**Кайсы учурда ыракмат айтасың?**
**Кайсы учурда уруксат сураш керек?**

**Кечирим суроону, ыракмат айтууну, уруксат суроону оюн аркылуу көрсөтүп бергиле.**

# ЖҮРҮМ-ТУРУМ ЭРЕЖЕЛЕРИ



**Эмне үчүн машина айдоочулар жана жөө адамдар жол эрежесин сактоого тийиш? Эрежени сактабаган учурда эмне болот?**

Досторуң көп болушун кааласаң:

- орой сүйлөбө;
- мушташпа, балдарды түртпө;
- досторуң менен ар дайым саламдаш;
- улуу менен да, кичүү менен достош;
- эгер досуңа таарынсаң, тезинен кайра жараш.

Достук эрежелерин ар бир окуучу билиши керек.

**Сүрөттү карап, жүрүм-турум эрежелери тууралуу аңгемелешкиле.**











**Келгиле, ойнойлу.**

3 топко бөлүнгүлө.

Топко капитан шайлагыла.

Сылык мамиле жасоого карата оюн көрсөткүлө.

Капитан эмне кылды? Силер ага баш ийдиңерби? Топко капитан керекпи? Өз оюңду айт.

**Сылык окуучу кандай болот? Эмне үчүн сылык болуу керек? Классыңарда сылык балдар, кыздар барбы?**

**Ар бир адамга сылык мамиле жасоого үйрөн!**

# МАЙРАМДАР

**Өткөн жылы кайсы майрамдар болду эле, айтып бер.**





Биз майрамда бири-бирибизге жакшы каалоолорду айтабыз, белектерди тартуулайбыз. Дасторконго түрдүү тамак-аштар коюлат. Биз үйдө майрамды өңүлдүү өткөрөбүз.



**Жакшы көргөн майрамың тууралуу айтып бер.**

**Майрамдар тууралуу аңгемелешкиле.**



☺ **Сүрөттү карап, айтып бер. Окуучулар кайсы майрамды белгилеп жатышат?**

**Туулган күнүңдү кандай белгилейсиң, айтып бер.**

☺ **Календардан туулган күнүңдү белгиле.**



Мейманга барганда адептүүлүгүңдү көрсөт. Бычакты оң колуңа, ал эми вилканы сол колуңа кармап, тамак ичүүнү унутпа.

# НООРУЗ



📖 Күн узарды. Бул – жаздын бир белгиси. 21-мартта күн менен түн теңелет. Бир сутканын 12 сааты күн, 12 сааты түн болот.

Ушул күнү элдер Ноорузду майрамдашат.



Алас-алас, – деп ата-бабаларыбыз жаратылыштан, Жер энеден, асмандан, күндөн жакшылык, мол түшүм сурап, таазим этишчү.

Биздин өлкөдө элдер Ноорузду жыл сайын майрамдашат. Улуттук кийимдерин кийип, ыр ырдап, бий бийлешет, бири-бирине жакшы каалоо-тилектерин билдиришет. Сүмөлөк даярдашат.

**Силер Ноорузду кандай майрамдайсыңар?**

Арча менен үйдү, короо-жайды аластайбыз:

Алас, алас,
Ар балээден калас,
Жаңы жыл келди,
Эски жыл кетти.
Жаңы күндү теңир берди,
Жакшылыкты кеңири берди.
Алас, алас,
Айдан – аман,
Жылдан эсен бололу!



**Нооруз — достуктун, биримдиктин майрамы!**

# БОЗ ҮЙ




📖 Биздин ата-бабаларыбыз боз үйдө жашаган. Азыркы учурда майрамдарда, жайлоого чыкканда боз үй тигилет. Малчылар жайында боз үйдө жашайт.

Боз үйдүн жасалгасы укмуш. Керегесин жайса жазылат, бүктөп койсо, кайра жыйналып калат. Түндүгү терезеге окшоп турат.

☺ **Боз үйдү сүрөттөп айтып берчи.**
**Боз үй эмнеден жасалат?**

**Сүрөттөн керегени, уукту, түндүктү көрсөт.**

Боз үйдө түрдүү буюмдар бар.



**Алардын аталышын билесиңби?**



**Бул буюмдардын колдонулушу тууралуу аңгемелешкиле.**

**Ата-бабаларыбыздан калган мурас буюмдарды санап айтып берчи.**

**Өзүңө жаккан буюм тууралуу аңгеме түз.**

**Ата-бабаларыңдын тарыхын унутпа!**

# ЧОГУУ ЖАСАЙБЫЗ

Илбирс, Мамалак, Бөжөк жана Бачики чогулуп иш баштады. Алар бизди жардамга чакырышты. Аларга жардам береличи.

## Боёкторду аралаштырабыз

**Боёкторду аралаштыр, жаңы түстү тап.**

**Сага кайсы түс өзгөчө жагат?**







**Күн желесинин сүрөтүн тарт. Күн желесиндеги түстөрдү ата.**

## Ченегенди үйрөнөбүз

**Классташтарыңдын боюн чене.**


**Ченегениңди дептериңе жазып кой.**

**Кимдин бою узун?**




## Кагазды кесебиз

☺ **Кагаздан түрдүү фигураларды кес.**
**Кандай игураны кесип алдың?**
**Ал фигура эмнеге окшош?**



☺ **Классташтарың кескен фигураларды салыштыр.**
**Сага кайсы фигура жагат?**

## Китеп сырт жасайбыз



☺ **Китеп сырт жаса. Кагаздан кескен фигураларды китеп сыртка чапта.**
**Эң кооз китеп сыртты ким даярдады?**

?


☺ **Классташтарың жасаган китеп сыртты кара.**
**Аларды салыштырып көр.**

Биз эми боёкторду аралаштырып, жаңы түстөрдү таба алабыз. Китеп сырт жасайбыз. Кагаздан ар кандай фигураларды кескенди билебиз.

Досторуң тууралуу айтып бер.

Силер кандай оюндарды ойнойсуңар?

Эмне үчүн ар бир адамга сылык мамиле жасоо керек?




**Ноорuz кандай майрамдалат?**

**Боз үйдүн түзүлүшү, анын ичиндеги буюмдар тууралуу аңгемелешкиле.**



4 *

# КҮН ЖАНА ТҮН



☺ Таңда туруп, кечке жанат,
Күлүп чыгып, күйүп батат. (К..)

Түндө бар, күндүз жок,
Асманда бар, жерде жок. (А.)

📖 Күн баарыбызга: адамга, өсүмдүктөргө, жаныбарларга нурун төгөт. Күн батканда асманга Ай, жылдыздар чыгат.

Күн менен түн биригип, бир сутканы түзөт. Бир суткада 24 саат бар.

? **«Күн», «түн», «сутка» деген сөздөрду түшүндүрүп берчи.**

☺ **Эмне үчүн күн менен түн алмашарын түшүндүрүүгө аракеттенгиле.**

☺ **Сүрөт боюнча жомок айт.**



☺ **Сүрөттөн эртең мененки, чак түштөгү, күн баткан учурду көрсөт.**








**Күндөрдүн аталышын билип ал.**

1-күн. Дүйшөмбү
2-күн. Шейшемби
3-күн. Шаршемби
4-күн. Бейшемби
5-күн. Жума
6-күн. Ишемби
7-күн. Жекшемби



# ЖАРАТЫЛЫШ КУБУЛУШТАРЫ

☺ **Алма данегинин өнүшүнө байкоо жүргүзүп көр.**




📖 Алманын ичинде данек бар. Данекти жерге көмсө, андан чырпык өсүп чыгат. Бир нече жылдан кийин ал өсүп чоңоюп, мөмө берет.






Балдар бакта алма терип жатат. Алманын жыты сонун, алма – таттуу.

# ДАРАК ЖЫЛДЫН ТӨРТ МЕЗГИЛИНДЕ



**Дарактар бир жылда: жазда, жайда, күздө, кышта кандай өзгөрөт?**



**Өсүмдүктүн өсүшү үчүн күн, суу, аба, топурак керек.**

# ӨСҮМДҮК ӨСТҮРӨБҮЗ



**Сүрөттөгү гүлдөрдү ата.**
**Силердин класста кандай гүлдөр бар?**




Үйгө ар түрдүү гүлдөрдү өстүрөбүз. Аларды сугарып турабыз. Күн тийген жерге коёбуз.



**Гүл өстүрүү жөнүндө аңгемелешкиле.**

Окуучулар мектептин алдына дарак отургузууга келишти. Бакыт менен Алина: «Дарактарды кантип өстүрөбүз?» – деп бизге суроо беришти.

? Келгиле, алардын суроосуна жооп берели. Дарактарды кантип өстүрөбүз?




**Эмне үчүн элдер бак тигишет?**

Үйдө, класста, мектептин айланасында, көчөлөрдө бак-дарактар, гүлдөр өсүп турат. Алар айлана-чөйрөнү кооздойт, абаны тазалайт. Биз бак өстүрүп, гүл тигебиз.

**Гүлдөр, бак-дарактар айлана-чөйрөгө кооздук берет.**

# ЖАНЫБАРЛАРДЫ БАГАБЫЗ



**Сүрөттү карап аңгемелешкиле.**

**Өзүңдүн сүйүктүү жаныбарың жөнүндө айтып бер, сүрөт тарт.**

Ырды оку.

Төрт түлүк же мал делет,
Жылкы, уй, төө, кой-эчки.
Берет булар адамга,
Жүн, тери, сүт, этти.

Кой, эчкини көбүнчө,
Майда жандык деп коёт.
Барган адам жайлоого,
Төрт түлүккө кез болот.

*Ы. Кадыров*

**Сүрөттү карап аңгемелешкиле, малды кантип багышат?**






Биз жактагы элдер: кой, эчки, уй, жылкы багышат. Малды жайкысын жайлоого чыгарышат. Кышка карата чөп чаап, тоют даярдашат. Кышкысын малды жылуу сарайларда кармап, аларга жем, чөп, суу беришет, жайытка жайышат.

Короо-сарайларды жылуулап жана тазалап турушат. Ооруган малды мал доктур дарылайт.


**Мал кантип багыларын, улуулардан сурап бил.**

# АТА МЕКЕНИМДИН ЖАРАТЫЛЫШЫ



Кыргыз жери көпкөк асманы, бийик тоолору, аппак мөңгүлөрү, көк кашка тунук суулары, таза абасы, жайлоолору менен көрктүү.

Биздин өлкөбүз өсүмдүктөрдүн түрүнө бай.



Бул – жоогазын менен кызгалдак.

Жаз келгенде талааларда кызгалдак, жоогазын гүлдөйт.

Бул – пахта.
Пахта Ошто, Жалал-Абадда өсөт.





Бул – жаңгак. Арстанбапта жаңгак токою бар.

Тоолордо ар түркүн жан-жаныбарлар, куштар көп. Кереметтүү Ысык-Көл, Сары-Челек, Соң-Көл, Чатыр-Көл сыяктуу көлдөрүбүз ар бир адамды кооздугу менен суктандырбай койбойт.

Ата Мекенибиздин ушул кооздугун жоготуп албай, сактап туруу биздин милдетибиз.

Ар кай жерге, суугa акыр-чикирди таштабайлы, даракты кыйып, жаш көчөттү жулбайлы, куштардын уясын бузбайлы, балапанды өлтүрбөйлү.



**Суулар, жайлоолор, токойлор, —**
**Ата Мекенибиздин көркү.**

# Жаратылышты коргойлу



**Эмне үчүн жаратылышты коргоо керек?**

**Эмне үчүн таштандыны туш келди ыргытууга болбойт? Эмне үчүн гүлдөрдү үзбөш керек?**

**Ар бирибиз Мекенибиздин жаратылышын коргойлу!**



# Мазмуну

Биз жашаган жер............................5
Мектебим..........................................6
Биздин үй-бүлө ынтымактуу .............8
Мен – байкагычмын. ........................10
Менин дене түзүлүшүм ...................14
Ден соолукка кам көрөлү.................16
Менин күн тартибим. .......................18
Биздин үй.........................................22
Үйдөгү шаймандар..........................23
Электр буюмдары ............................24
Этият бол, өмүрүңдү сакта!.............27
Мектепке баруучу жол .....................30
Тазалык жана тыкандык. .................32
Менин досторум. ............................36
Жүрүм-турум эрежелери ...........38–40
Майрамдар .....................................42
Нооруз............................................44
Боз үй. ............................................46
Чогуу жасайбыз...............................48
Күн жана түн ...................................52
Жаратылыш кубулуштары. .............54
Дарак жылдын төрт мезгилинде. ....55
Өсүмдүк өстүрөбүз ..........................56
Жаныбарларды багабыз..................58
Ата Мекенимдин жаратылышы......60

*Окуу басылмасы*

**Мамбетова Заря Жусуповна**
**Архипова Татьяна Викторовна**

**МЕКЕН ТААНУУ**

Жалпы билим берүүчү мектептин
1-классы үчүн окуу китеби

Басманын директору *Б. Джапарова*
Редактору *Р. Сакелова*
Сүрөтчүсү *З. Мидинова*
Көркөм редактору *З. Мидинова*
Техн.редактору М. Курбанбаева
Компьютердик калыпка салган *А. Арыкбаев*
Корректору *А. Орозова*

Басууга 12.08.2016. кол коюлду. Офсет кагазы 80 г/м².
Кагаздын форматы 70x100 1/16 . Түстүү ыкма. Көлөмү 4,0 накта басма табак.
Нускасы 70 000 даана. Заказдын № 17/09-8

«Кутаалам» басмасы. Бишкек ш., Горький көчөсү, 1.
www.kutaalam.kg, e-mail.: kutaalam2012@gmail.com
Тел.: + 996 (312) 530 974,534 863

ЖЧК «Имак Офсет» басмаканасында басылды.
Бишкек ш., Горький көчөсү, 1/2.